Ош мамлекеттик педагогикалык университети

БЕКИТЕМ
ОшМУнун ректору,
проф. Б.Б.Зулуев
_____
(ОК №7 10.06.2025)
Кабыл менен

ЭЛЕКТИВДИК КУРСТАРДЫ УЮШТУРУУНУН ЖОБОСУ

2025-жыл

Мазмуну

1. Жалпы жоболор.....3

2. Элективдик курстардын максаты жана милдеттери.....3

3. Элективдик курстарды методикалык жактан камсыздоо.....4

4. Элективдик курстарды уюштуруу жана өткөрүү.....5

1. Элективдик курстарды уюштуруу жана өткөрүүнүн жалпы жобосу

Жалпы жоболор

1.1. Элективдик курстар жөнүндөгү Жобо студенттердин тандап алган курстарын түзүүнүн, бекитүүнүн жана өткөрүүнүн тартибине карата талаптарды аныктайт.

1.2. Бул Жобо жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын (ЖКББ МБС) талаптарынын негизинде жана аларды аткаруу максатында иштелип чыккан, анда негизги билим берүү программаларына (ББП) студенттердин тандоосу боюнча дисциплиналарды милдеттүү түрдө киргизүү жана ЖОЖдун студенттерге, анын ичинде индивидуалдык билим берүү программаларын иштеп чыгуу менен, өзүнүн окуу программасын түзүүгө реалдуу мүмкүнчүлүк берүү милдети каралган.

1.3. Бул Жобо билим берүү стандартына, окуу пландарына ылайык иштелип чыккан.

1.4. Жобо окуу планындагы жана окуу процессиндеги элективдик курстардын ордун, элективдик курстарды уюштуруу жана өткөрүү тартибин аныктайт.

2. Элективдик курстардын максаты жана милдеттери

2.1.Элективдик курстар — бул билим берүү программасынын зарыл бөлүгү болуп саналган жана студенттерге тандоого сунушталган, билим алуучунун тандоосу боюнча дисциплиналар.

2.2. Элективдик дисциплиналар студенттердин билим алуучунун билим берүү муктаждыктарына ылайык, билим берүү программасын өздөштүрүүдө өзүнүн жеке билим берүү траекториясын калыптандырууга активдүү жеке катышуусун камсыз кылат.

2.3. Студенттер тандап алган элективдик дисциплиналар өздөштүрүү үчүн милдеттүү болуп саналат.

2.4. Элективдик курс— даярдоо багытынын ар бири боюнча Мамлекеттик билим берүү стандартынын курамдык бөлүгү болуп саналат. Тандалып алынган элективдик курстардын сааттарынын көлөмү Мамлекеттик билим берүү стандартына жана багыт (адистик) боюнча базалык окуу планына туура келиши керек.

2.5. Элективдик курсту окутуунун максаты — айрым дисциплиналар, дисциплиналардын блоктору же адистештирүү дисциплиналары боюнча кошумча билимдерди калыптандыруу.

2.6. Элективдик курстардын милдеттери:

- окутуунун жекелештирүү деңгээлин жана инсанды социалдаштырууну жогорулатуу;
- болочок кесиптик ишмердүүлүктүн чөйрөсүн аң-сезимдүү жана жоопкерчиликтүү тандоого даярдоо;

- студенттерде кесиптик билим берүүгө жана кесиптик эмгекке карата өзүн субъект катары кабыл алуу мамилесин өнүктүрүүгө көмөктөшүү;
- билим алуучуларда практикалык маселелерди чечүүгө багытталган билгичтиктерди жана ишмердүүлүк ыкмаларын иштеп чыгуу;
- өзүн-өзү билим алуу үчүн шарттарды түзүү, билим алуучуларда өз алдынча иштөөнүн жана өз жетишкендиктерин өзү көзөмөлдөөнүн билгичтиктерин жана көндүмдөрүн калыптандыруу;
- мамлекеттик стандартты жана окуу программаларын илимдин жана практиканын заманбап эл аралык талаптарына адаптациялоо.

2.7. Элективдик курстардын каталогу элективдик курстардын аннотацияларын камтыйт, анда төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

- курстун аталышы;
- курстун пререквизиттери жана постреквизиттери;
- кредиттердин саны.

3. Элективдик курстарды методикалык жактан камсыздоо

3.1. Элективдик курстардын мазмунун ишке ашыруу:

- окуу-методикалык кеңеш (ОМК) тарабынан бекитилген курстардын программалары;
- студенттер үчүн окуу куралдары;
- окутуучулар үчүн методикалык колдонмолор.

3.2. Элективдик курстардын программалары төмөнкү талаптарга жооп бериши керек:

- айрым предметтерге кызыккан студенттердин өзгөчөлүктөрүн эске алуу;
- студенттерди кызыктырган илимдерде колдонулуучу илимий изилдөөлөрдүн ыкмалары менен тааныштыруу;
- окуу программасына таянуу, бирок аны кайталабоо, тескерисинче, толуктоо жана изилдөө билгичтиктерин калыптандырууга көмөктөшүү;
- мамлекеттик (жыйынтыктоочу) аттестацияга даярдоого багыттоо.

3.3. Элективдик билим берүү программаларынын программалары жана окуу материалдары, ошондой эле окуу материалдары билим берүү программаларынын жана аларга тиешелүү материалдардын структурасына коюлган талаптарга ылайык таризделиши керек жана төмөнкүлөрдү чагылдырышы зарыл:

- курстун мазмунунун жаңылыгын жана актуалдуулугун;
- студенттерди окуу курсунун мазмунун окуп-үйрөнүүгө шыктандыруу (мотивациялоо) ыкмаларын;
- окутуунун формаларын жана методдорун;
- окуу курсунун максаттарын жана милдеттерин;

- курстун мазмунун окуп-үйрөнүү процессинде студенттердин активдүү жана интерактивдүү иш-аракет ыкмаларын;
- окутууну дифференциациялоо жана жекелештирүү ыкмаларын;
- курстун материалдарын окуп-үйрөнүүгө негизделген убакыт нормаларын.

3.4. Программага киргизилген билимдердин мазмуну мамлекеттик билим берүү стандарттары менен аныкталуучу бүтүрүүчүлөрдү даярдоого карата талаптарга жооп бериши жана практикага багытталган мүнөзгө ээ болушу керек.

3.5. Окуу программалары төмөнкүдөй билим түрлөрүн камтышы зарыл:

- теориялык (жалпыланган);
- методикалык (ишмердүүлүк ыкмалары);
- технологиялык (ыкмалар, алгоритмдер, аракеттерди аткаруу эрежелери);
- ар кандай түрдөгү маалыматтар (даталар, фактылар, окуялар, мүнөздөмөлөр ж.б.).
- окутуу методдорун аныктоо максаттарга жана мазмунга ылайык жүргүзүлөт.
- методдорду тандоо шарттарга, окутуу процессинин убактысына, окутуунун жеке стилинин өзгөчөлүктөрүнө жана билим алуучулардын кабыл алуусуна жараша аныкталат.

3.6. Элективдик курстар боюнча окуу адабияты катары факультативдик курстар,ийримдик иштер үчүн окуу куралдары, ошондой эле илимий-популярдуу адабияттар, маалымдама басылмалар, колдонууга сунуштамалары бар автордук иштеп чыгуулар жана колдонмолор пайдаланылат.

Конкреттүү курсту окутуунун натыйжалуулугу төмөнкүлөр менен тастыкталышы мүмкүн:

- элективдик курстарга байланыштуу предметтер боюнча студенттердин билим деңгээлин талдоо;
- элективдик курста жүргүзүлгөн изилдөө иштеринин ишмердүүлүгүн талдоо;
- элективдик сабактарга канааттануу деңгээлин изилдөөгө багытталган студенттердин анкеталык сурамжылоосун өткөрүү;
- студенттердин олимпиадаларга, конференцияларга, сынакка жана башка иш-чараларга катышуусунун жыйынтыктары.

4. Элективдик курстарды уюштуруу жана өткөрүү

4.1. Билим берүү программалары боюнча Элективдик дисциплиналардын каталогу (ЭДК) иштелип чыгат, ал элективдик курстардын системалаштырылган аннотацияланган тизмесин билдирет. ЭДКны түзүүдө кафедралар тарабынан илимдин, практиканын өнүгүү тенденциялары, рыноктун муктаждыктары жана билим берүү кызматтарын керектөөчүлөрдүн суроо-талаптары эске алынышы керек.

4.2.ЭДК кафедралардын, иш берүүчүлөрдүн сунуштарынын, айрым элективдик курстардын популярдуулук рейтингинин жана студенттердин каалоолорун талдоонун негизинде түзүлөт. ЭДК жана алардын узактыгы жыл сайын кайра каралат жана ОшМПУнун окуу иштери боюнча ректору тарабынан бекитилет.

4.3. Элективдик курстун темасы кафедралык жыйында бекитилгенден кийин, кафедра ОМКга (Окуу-методикалык кеңешке) төмөнкү документтерди сунуштайт:

- кафедралык жыйындын көчүрмөсү;
- ЭДК (Элективдик дисциплиналардын каталогу) (2-тиркеме)
- силлабус;

билим алуучулардын билим сапатын баалоо үчүн контролдук тапшырмалардын фонддору (тесттик тапшырмалар, кырдаалдык маселелер ж.б.).

4.4.Адистиктердин ЭДКсы (Элективдик дисциплиналардын каталогу) талкууланып, кафедралар тарабынан сунушталат, факультеттин ОМКсынын (Окуу-методикалык кеңештин) жактыруусунан кийин, факультеттин Окуу Кеңешинин чечими менен бекитилет.

4.5. ЭДКга жеткиликтүүлүк билим берүү порталы аркылуу камсыздалат, нускалары ОМКда, регистратор кеңсесинде жана кафедраларда бар.

4.6. Элективдик курстарга жазылуу билим алуучулардын тизмесин белгиленген формада түзүү жолу менен ишке ашырылат (1-тиркеме).

4.7. Студенттер сунушталган курстардын ичинен элективдик курсту эркин тандоо укугуна ээ.

4.8. Тандоо укугу бардык билим алуучуларга, алардын академиялык карыздарынын (задолженность) бар же жоктугуна карабастан берилет.

4.9. Билим алуучулар тарабынан кезектеги окуу жылына тандалып алынган элективдик дисциплиналардын саны жана алардын жалпы эмгек сыйымдуулугу окуу планына ылайык аныкталат.

4.10. Элективдик дисциплиналарды тандоо процесси билим алуучулар окуу планы жана элективдик дисциплиналар боюнча жумушчу программалардын мазмуну менен милдеттүү түрдө таанышкандан кийин ишке ашырылат.

4.11. Элективдик курстун мазмуну конкреттүү дисциплина боюнча милдеттүү окуу программаларын кеңейтүүчү жана толуктоочу материалды камтыйт, анын ичинде:

- гуманитардык жана табигый-илимий дисциплиналардын ар кандай багыттары, кесиптик дисциплиналардын ар кандай тармактары боюнча теориялык иштелмелердин маалыматтары;

- университеттин, кафедранын жана Кыргыз Республикасынын, ошондой эле чет өлкөлөрдүн илимий-изилдөө мекемелеринин илимий изилдөөлөрүнүн маалыматтары боюнча материалдар;
- билим берүү программаларынын ар кандай тармактарындагы улуттук стратегиялык долбоорлордун материалдары жөнүндө маалыматтар;
- менеджмент, кесиптик кызмат көрсөтүүлөрдүн маркетинги жана башка маселелер.
- элективдик курстун тематикасын жана программасын пландаштырууда студенттер менен жекече иштөө мүмкүнчүлүгүн караштыруу зарыл.

4.12. Университетте окуу мезгилинде өздөштүрүлгөн элективдик курстар дипломго тиркемеге, окуу планы боюнча сааттардын саны, элективдин багыты же тематикасы көрсөтүлүү менен киргизилет.

4.13. ОМК (Окуу-методикалык кеңеш) билим алуучулардын билим берүү муктаждыктарын жана кадрдык, материалдык-техникалык камсыздоонун мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен элективдик курстардын жалпы топтомун жана тизмесин аныктайт.

4.14. Элективдик курстарды өткөрүүгө эң тажрыйбалуу, жогорку квалификациялуу окутуучулар, ошондой эле илимий кызматкерлер жана өндүрүш адистери тартылышы керек.

4.15.Элективдик курстарды окутуу окуу планы (вариативдик бөлүгү) боюнча ишке ашырылат.

4.16. Билим алуучулар менен элективдик курстарды тандоо боюнча ишти уюштурууга офис-регистраторлор жана декандын окуу иштери боюнча орун басарлары жооптуу болушат.

4.19. Деканат төмөнкүлөрдү уюштурат:

- билим алуучуларга өздөштүрүү тартиби, элективдик дисциплиналарды тандоо жана жазылуу жол-жобосу жөнүндө маалымат берүү;
- билим алуучуларды сунушталган элективдик дисциплиналардын аннотацияланган мазмуну менен, ошол дисциплиналарды өткөргөн окутуучуларды, алардын кызмат орундарын, илимий даражаларын жана наамдарын көрсөтүү менен тааныштыруу.

4.20. Элективдик курстардагы окутуу формалары (топтук жана жекече) академиялык, ошондой эле инновациялык педагогикалык технологияларга багытталган болушу мүмкүн:

- Практикалык жана өз алдынча изилдөө иштери;
- Жыйынтыктарды презентациялоо;
- Дискуссиялар, аңгемелешүүлөр (беседы);
- Оюндар жол-жоболору (игровые процедуры);

- Ишкердик оюндар;
- Интерактивдүү лекциялар;
- Гипотезаларды түзүү жана текшерүү;
- Дистанттык окутуу ж.б.

Тиркеме 1

Электрондук курстарды изилдөөгө жазылган студенттердин тизмеси

(дисциплинанын аталышы)

(код, билим берүү программасынын аталышы)

20__-20__окуу жылы

№	Фамилиясы, аты, атасысынын аты	Тайпасы	Негизи
1.			
2.			
3.			
4.			
5.			
6.			
7.			
8.			
9.			
10.			
11.			
12.			

Факультеттин деканы /_____/

Тиркеме 2

БЕКИТЕМ
Окуу бөлүмдүн башчысы
п.и.к.,доцент Э.А.Абдибалиев

_____
“____” “_____” _____-жыл

КАТАЛОГ ЭЛЕКТИВНЫХ КУРСОВ/ ЭЛЕКТИВДҮҮ КУРСТАРДЫН КАТАЛОГУ

Код №	Наименование дисциплин по ГОС	Кредиты	Семестр	Краткое содержание дисциплин	Код №	Мамлекеттик стандарттагы дисциплина нын аталышы	Кредиттин саны	Семестр	Дисципли нанын кыскача мазмуну
550200 Физико-математическое образование (Математика)/ 550200 Физикалык-математикалык билим берүү (Математика)									
550200 Физико-математическое образование (Информатика)/ 550200 Физикалык-математикалык билим берүү (Информатика)									

№	Макулдашылган тараптардын кызмат орду	Ф.А.А.	Күнү	Эскертүү
1.	Ош МПУнун окуу бөлүмүнүн башчысы			
2.	Факультеттердин декандары			
3.	Кафедра башчылары			